"Макулдашылды"

_______________ РББ

" 2 " 09 2022 ж.

Бостери айыл округу

_______________

" ___ " _______ 2022 ж.

"Бекитилди"

Х.Жээнбаев атындагы

мектеп-лицейинин

№ 1 педагогикалык кеңеши

" 30 " 08 2022 ж.

# Мектептин өнүгүүсүнүн планы

# Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

# Бостери айылы

# (2022-2026-ж.)

Сканировано с CamScanner

**Мектептин өнүгүүсүнүн планы.**
**Х.Жээнбаев атындагы мектеп лицейи**

## Мектептин миссиясы:

Улуттук салттарды урматтаган, заманбап жана жеткиликтүү билимге ээ болгон, руханий дөөлөткө бай инсанды калыптандыруу.

Математика жана табигый илимдери багытындагы предметтерди терең үйрөтүүнү камсыз кылуу

Сканировано с CamScanner

**Мазмуну:**

1. 2021-2022-окуу жылында Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейининин ишмердүүлүгүнө жүргүзгөн талдоо боюнча отчёт.

2. Көйгөйлөр

3. Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейининин узак убактылуу максаты.

4. Милдеттер матрицасы

5. Пландын аткарылышынын мониторинги

6. Тиркемелер.

7. Мектептин отчёттук картасы

8. Кошумча материалдар.

Сканировано с CamScanner

# 2021-2022-окуу жылына карата Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин жүргүзгөн иштеринин анализи

2021-2022-окуу жылында Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи Билим берүү мыйзамына, мектептин уставына ылайык өз ишин баштады.

Мектептин администрациясы жана мугалимдер жамааты окуучуларга сапаттуу билим берүү, алардын билим алуусуна жакшы шарттарды түзүү, окуу куралдары менен жетиштиктүү камсыз кылуу, ден соолугу чын инсанды тарбиялоонун жана мектептин материалдык базасын чыңдоонун үстүндө иш алып барышты.

Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планынын милдеттерине жараша мониторинг жана мектептин жүргүзгөн ишинин базасы төмөнкү аспекттерге негизделген:

1. Окуу планын аткаруу
2. педагогикалык кадрлар менен иштөө
3. Окуучулардын жетишкендиктери
4. Үйрөтүү, тарбия берүү, окутуу
5. Директор алдындагы кеңешме, педагогикалык кеңешме
6. Мектептеги климат же ички эрежелер
7. Ресурстар
8. ОТБЖПнын башкаруу жана ишке ашыруу.

## I. Окуу планын аткаруу.


Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи 2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган пландын базистик вариантынын негизинде иштей баштады. Бардык предметтер боюнча сабактар билим берүү министрлиги бекиткен типтүү окуу программаларына ылайык өткөрүлүүдө.5-11-класстын окуучулары Айылдык билим берүү долбоору аркылуу уюштурулган мультимедиалык кабинетте өз билимдерин өркүндөтүп жатышат. Физика, химия, биология, англис тил сабактарынан практикалык иштер, лабораториялык иштердин мультимедиалык кабинетте көрсөтүлүшү чоң эффект берүүдө. Х.Жээнбаев атындагы орто мектеп 2013-жылдын ноябрынан баштап мектеп-лицейи статусуна ээ болуп, 2018-жылдын ноябрь айында кайрадан аккредитациядан өтүп өз ишин улантууда. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын Билим жана Илим министрлиги тарабынан түзүлгөн аттестациялык комиссиянын катышуусунда мугалимдер аттестациядан өтүштү. Мектеп-лицейинде үстүбүздөгү окуу жылында компьютердик класс жабдылып окуучулар интернет аркылуу сабактарды өтүшүүдө. Мындан сырткары "Санариптештирүү жылына" карата ар бир класс кабинетине компьютер коюлуп окуучунун билим алуусуна шарт түзүлдү. Жеке эле окуучуга билим берүү менен чектелбестен мектеп лицей статусун алган соң окуучуларга кесиптик билим берүү каралган. Окуучулар курстарды аяктаган соң тигүүчү, ГИД, официант-бармен кесиптерине багыт берип, сертификат берилди. Мектепте жаш өспүрүмдөргө кесиптик багыт берүү боюнча иш-чаралары жакшы деңгээлге коюлган. «Айылдык билим берүү» долбоорунун экинчи компоненти боюнча утулуп алынган кыздар үчүн «Алтын ийне» тигүү цехи иштейт. Бул жерден кыздар кийим тигүүгө, бычууга кызыгышып, үйрөнүшүүдө.

Сканировано с CamScanner

## II.Окуу процесси

2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 1083 окуучу аяктады. Анын ичинен 534 кыз, 546 эркек балдар.

| Баскычтар | Окуучунун саны | отличник | ударник | орто окуган | аттестацияланбаган 1 кл | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4-кл | 478 | 32 | 123 | 218 | 105 | 32,4 |
| 5-9-кл | 506 | 35 | 143 | 328 | | 35,2 |
| 10-11-кл | 99 | 7 | 20 | 72 | | 27,3 |
| Баар-ны | 1083 | 74 | 286 | 618 | 105 | 33,8 |





Мектепте 1 мультимедиалык, 2 компьютердик кабинет, 5 интерактивдүү доска иштейт. Бул жерден окуучулар атайын дисктердин жардамы менен өз билимин жогорулата алышат. Жаңы окуу жылында ачылган компьютердик класстын ачылышы менен окуучулардын биология, тарых сабактарынан көрсөткүчтөрү илгериледи. Бул көрсөткүчтөр быылтыркы окуу жылында 42% түзсө, үстүбүздөгү окуу жылында 50-60% көтөрүлгөн. Ушундай эле жылыш география, информатика сабактарында да болду.

Мектеп-лицейинде кесипке багыт берүү боюнча 3 курс иш алып барат:

1. "Тигүүчү"- жетекчиси Сулайманова Л.
2. "Официант"- жетекчиси Касымова М.
3. "ГИД"- жетекчиси Эсенгулова Э.


Сканировано с CamScanner

**2021-2022-окуу жылынын 1,2,3 жана 4-чейректеринин билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги:**




**2019-2020, 2020-2021 жана 2021-2022-окуу жылынын баскычтар боюнча билим сапатынын салыштырма таблицасы**

| Окуу жылы | 1-баскыч | 2-баскыч | 3-баскыч | жалпы |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| 2019-20 | 33% | 35% | 38% | 34% |
| 2020-21 | 33,5% | 36,2% | 25,5% | 34,1% |
| 2021-22 | 32,4 | 35,2 | 27,3 | 34,8 |




Сканировано с CamScanner

**ЖРТнун жыйынтыгы төмөнкүдөй болду:**

2018-19-окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгы 52%. Бардыгы катышкан окуучу 68 Жогорку көрсөткүчкө Бектурова Айчүрөк (204 б) ээ болду.

2019-20-окуу жылында 68 окуучу ОРТ тапшырып 20 окуучу 110 баллдан жогору алышкан. Бул көрсөткүч 48% түзгөн. Жогорку балл алган окуучулар: Байсеркеев Сыймык (189б), Бердигожоева Алина (178 б), Саламатов Кутман (171б).

2020-21- окуу жылында 52 окуучу ОРТ тапшырып 25 окуучу 110 баллдан жогору алышкан. Бул көрсөткүч 48% түзгөн. Жогорку балл алган окуучулар: Кубатбекова Бегаим (181б), Шаршеналы к. Керемет (178 б), Сабырбеков Чолпонбек (171б). 2014-2015-окуу жылында баардыгы 56 окуучу катышып 17 окуучу жогорку баллдарды алышкан. Көрсөткүч 30,3% түзгөн.

2021-2022-окуу жылында ЖРТго 52 бүтүрүүчү катышып, босого баллынан жогору 24%

## III. Тарбия иштери

Окуу жылынын башында 2021-2022-окуу жылы үчүн иш планы каралып чыгып, бекитилди. Билим күнүнө карата айыл өкмөтүнүн, ардагер мугалимдердин, ата-энелердин катышуусу менен салтанаттуу линейка болуп өттү.

Окуу жылынын башталышында ар бир класстарда ачык сабактар өткөрүлдү Сентябрь айында толук жетим, жарым жетим, жетишпеген үй бүлөөдөгү, ата-энеси чет өлкөгө кеткен окуучулардын тизмеси түзүлдү. Жалпы мектеп боюнча ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата-энелер комитетинин курамы бекитилди. Мектеп парламенти түзүлүп, жаңы окуу жылына карата иш планы бекитилди. Мектеп ичинде ИДН менен бирдикте *профилактика болмосу уюштурулду. "Даткайым" кыздар уюмунун иш планы каралып* чыгып, бекитилди. «Даткайым » кыздар менен жеке иш чаралар өткөрүлдү. Кыздар менен жана врач Касымбекова Д. Мектеп администрация класс жетекчилер менен тегерек стол өткөрүлдү. Мамлекеттик тил күнүнө карата "Кыргыз тилин кылымдарды карыткан, эч ким аны унута албайт тарыхтан" темасында айлык жарыяланып, дил баяндардын конкурсу, ачык сабактар өткөрүлдү. Ошондой эле кыргыз тил мугалимдери сахналаштырылган чакан концерт уюштурулду бул сабак өз максатына жетти. Класс жетекчилер менен сабакка көп келбеген окуучулар, жардамга муктаж болгон окуучулардын үйлөрүнө барып, ата-энелери менен аңгемелешүү жүргүзүлдү. Ата – энелер менен үч тараптуу келишим түзүлдү

Сентябрь айында Кыргыз тилинин мамлекеттик тил күнүнө карата бир катар ачык сабактар өтүлүп, кыргыз тилинин баалуулугун, барктуулугун далазалап кетишти. Атап кетсек, кыргыз тил мугалими Момункулова Н. "Эне тилим эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан", Чымырова Ж. "Менин тилим- кыргыз тили" ж.б. Тил жумалыгы өткөрүлүп, окуучулардын дилбаяндарына конкурс жарыяланып жыйынтыгы чыкты. Бул конкурста 10 класстын окуучусу Бактыбекова Назиранын, 11 класстын окуучусу Арслан к. Алинанын иштери жактырылды.

Карылар күнүнө карата октябрь айында тимурчулар командасы ардагер мугалимдерге, согуштун ветерандарына жардам көрсөтүштү. Мындан тышкары кары-картаңдарга жаш өспүрүмдөр чакан концерт тартуулашты.

Ушул эле айда "Алтын күз" майрамы да өткөрүлдү. Бул иш чарага баардык класстар активдүү катышып, жакшы жыйынтыктарга ээ болушту.

Жалпы мектеп боюнча "Алтын күз" майрамы өткөрүлүп, алдыңкы класстар мактоо баракчалары менен сыйланышты.

Сентябрь айында "Кыздар жана энелер" темасында чогулуш өткөрүлүп, айылдын аялдар комитетинин мүчөсү Жамансартова Ж. катышты. Ошондой бул чогулушка

Сканировано с CamScanner

«Даткайым» кыздар совети да катышты бул чогулушта кыздардын тартиби жана өзүн кандай алып жүрүсү боюнча көп суроо талаптар каралды.

"Ишеним почтасы" түзүлдү жана окуучулардан түшкөн каттар менен жыл ичинде таанышылып, тиешелүү чаралар көргөзүлүп турат.

Октябрь айында 1-октябрь карылар күнүнө карата окуучулардын жардамы менен ардагер мугалимдерге концерт уюштурулуп белектер берилди. Мындан тышкары мектепте уюштурулган "Тимурчулар" командасы жардамга муктаж болгон ардагер агай-эжейлерге жардам бере алышты. Ардагер мугалимдер Асанбаев Мустапа, Алжамбаев Жайылкан, Жапакеева Бурмакан жана башка ардагер мугалимдер окуучуларга берген жардамы үчүн ыраазычылык билдиришти.

Бул айда тартиби оор, мектеп ичинде учётто турган 11-а классынын окуучусу Алыбек у. Бекназар, 9-г класстын окуучусу Алыбек у. А., Зарылбеков У. 10-г классынын окуучусу Абдылдаканов К. жана башка ушул сыяктуу окуучулардын үйлөрүнө ЖОИнин кызматкерлери, класс жетекчилер менен бирге рейд жүргүзүлүп, ата-энелер менен аңгемелештик. Мугалимдер күнүнө карата мектеп парламенти тарабынан уюштурулган чакан концерт өткөрүлдү.

Октябрь айында мугалимдер күнүнө карата " Мугалим- мөмөлүү дарак" аттуу темада ачык сабактар болуп өттү.Ачык сабактар өз максатына жетти. ИДНдин кызматкерлери тарабынан мектеп окуучуларынын арасында налог салуу зомбулугун болтурбоо жана аны алдын алуу иштери боюнча лекция окулду. ИДН тарабынан мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу чогулушу ай сайын болуп өттү. ИДН тарабынан Наркоманиянын, тамеки тартуу , коорупциянын, суициддин алдын алуу боюнча ачык тарбиялык сааттар өткөрүлүп жана аларга класс жетекчилер тарбиязавуч катышты.

Декабрь айында СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата "Биз СПИДке каршыбыз" темасында тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш чарага райондук мамлекеттик администрациянын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, аялдар комитетинин мүчөлөрү катышып, окуучулардын ой-пикирлерин угушту.

Декабрь айынын аягында жаңы жылдык "Балаты" майрамы өткөрүлдү. Бул майрамга айыл өкмөтүнүн соцкумушчусу Кыргызбаева Чолпон тоголок, жарым жетимдерге, аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучуларга жаңы жылдык белек беришти.

Класс жетекчилер, администрация, ИДНдин кызматкерлеринен турган атайын топ түзүлдү. 8-11-класстын класс жетекчилеринен түзүлгөн топтор өз убагында текшерүү жүргүзүп турушту. Ар бир класс жетекчи тартиби оор окуучулар менен иш алып барып турушат. Бул окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын тартиби көзөмөлгө алынып турду. Мектеп боюнча сабакка келбей жаткан окуучу жок.

Февраль айында "Кана эмесе жигиттер", март айында "Кана эмесе кыздар" спорттук мелдештер өткөрүлүп жеңген класстар грамота менен сыйланышты.

Март айында 5-март Ак калпак күнүнө карата линейка өткөрүлүп, кыргыз элинин улуттук баш кийиминин барктуулугу даңазаланды.

10-б классында Акунова Айида "Атыңдан кагылайын алтын апа" темасында апалар күнүнө карата тарбиялык саатты өткөрдү. Ушундай эле тарбиялык саатарды 3-г классында Тезекова Г., 2-б класста Токтобаева Д. өтүштү.

Март-май айларында класс жетекчилер менен бирге күндүзгү жана түнкү рейддерди күчөтүшүп, окуучулар менен Ватсап аркылуу байланышып турушту.

**Социалдык педагогика**

2019-2020-окуу жылында Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи түзүлгөн планынын негизинде ишин жүргүздү. Сентябрь айында тоголок жетим, жарым жетим, жетишпеген үй бүлөөдөгү, ата-энеси чет өлкөгө кеткен окуучулардын тизмеси түзүлдү. Окуу жылынын башында 2019-2020-окуу жылы үчүн иш планы каралып чыгып, бекитилди. Айыл

Сканировано с CamScanner

өкмөтүнүн башчысы Жамангулов.А., соцкумушчу Токтогожоева Жаңыл, класс жетекчилер, ата-энелер менен бирге чогулуш өткөрүлүп жыл ичинде жүргүзүлө турган иштер каралып чыкты. Класс жетекчилер Момункулова Н. Омокеева А., Кудаярова А., Бектурганова А. менен сабакка көп келбеген окуучулар, жардамга муктаж болгон окуучулардын үйлөрүнө барып, ата-энелери менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.

Мектептин тарбия иштери боюнча завуч Мамбетбаев Максат менен бирге "Ишеним почтасы" түзүлдү жана окуучулардан түшкөн каттар менен чейрек ичинде таанышылып, тиешелүү чаралар көргөзүлүп турду.

Октябрь айында 1-октябрь карылар күнүнө карата окуучулардын жардамы менен ардагер мугалимдерге концерт уюштурулуп, белектер берилди. Мындан тышкары мектепте уюштурулган "Тимурчулар" *командасы жардамга муктаж болгон ардагер агай-эжейлерге* жардам бере алышты. Ардагер мугалимдер Кульбаева А, Алжамбаев Жайылкан, Жапакеева Бурмакан жана башка ардагер мугалимдер окуучуларга берген жардамы үчүн ыраазычылык билдиришти. Бул айда тартиби оор, мектеп ичинде учётто турган 11-а классынын окуучусу Алыбек у. Бекназар, 10-б класстын окуучусу Өмүрбек у. А. 10-г классынын окуучусу Абдрасулов Алихзан жана башка ушул сыяктуу окуучулардын үйлөрүнө ЖОИнин кызматкерлери, класс жетекчилер менен бирге рейд жүргүзүлүп, ата-энелер менен аңгемелештик.

Ноябрь айында 1-чейректин жыйынтыгы каралып, жетишпеген окуучулар менен иш алып барылды. 7-класстын окуучулары орус тили жана адабиятынан канааттандырарлык эмес баа алганы үчүн класс жетекчиси Исмаилова А. менен чогу иш алып барылды. Мектепте, көчөдө , коомдук жерлерде тартип бузбоо, өзүн-өзү туура алып жүрүү тууралуу окуучуларга видеотасма көрсөтүлдү жана талкууга алынды. Бул айда тартиби оор, сабакка көп келбей жаткан, жардамга муктаж болгон , аз камсыз болгон үй-бүлөөдөгү окуучулардын үйлөрүнө ЖОИнин кызматкерлери, класс жетекчилер менен бирге рейд жүргүзүлүп, ата-энелер менен аңгемелештик.

Ноябрь айында "Жерин сүйбөс эл болбойт, элин сүйбөс эр болбойт" темасында 9-11 класстар арасында тегерек стол өткөрүлүп, жыйынтыгы чыгарылды. Жогорку класстын окуучуларынын арасында аталган темада жазуу иштеринин конкурсу жүргүзүлдү.

Мындан тышкары тоголок жетимдер 5-б классынын окуучусу Сейдакматов А, 8-б классынын окуучусу Абдрахманов Узардын үй шарттары каралып, опекундары менен аңгемелештик.

Мигрант үй бүлөдөгү окуучулардын турмуш шарты менен таанышып, опекундар менен кезигиштик.

*Декабрь айында 1-декабрь СПИД каршы күнүнө карата* "Биз СПИДке каршыбыз!" темасында Бостери ҮДТнун башчысы Касымбекова Динара, аялдар комитетинин төрайымы Монолшева Базыгүл, ардагер мугалим Асанова Зина, Бостери айылындагы ден соолук комитетинин мүчөсү, Кыштобаева Жеңишкүлдүн, 9-11-класстын класс жетекчилери, мектеп администрациясы, окуучулардын катышуусу менен тегерек стол өткөрүлдү. Бул жерде СПИД оорусунун келип чыгышы, тийгизген таасири тууралуу айтылып, ар кыл кеңештер угулду.

3-декабрь Бүткүл дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген балдар күнүнө карата иш-чара өткөрүлдү. Мындан тышкары бул айда жардамга муктаж болгон окуучуларга мугалимдердин колдоосу менен акция өткөрүлдү. Майып окуучулар 10-г классынын окуучусу Алыбек у. Калыс, 10-б классынын окуучусу Асамудинов Элнур, 7-г классынын окуучусу Эсенбек у. Бек, окуу куралдары берилди.

Декабрь айынын аягында жаңы жылдык "Балаты" майрамы өткөрүлдү. Бул майрамга айыл өкмөтүнүн соцкумушчусу Кыргызбаева Чолпон, демөөрчү Онкобаев К. тоголок, жарым жетимдерге, аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучуларга жаңы жылдык белек беришти.

Каникул убагында класс жетекчилер, ЖОИнин кызматкерлери, мектеп администрациясы менен чогу күндүзгү жана түнкү рейддер жүргүзүлдү.

Сканировано с CamScanner

Соцпедагог Молдоева Г. окуу жылынын башталышы менен жетишпеген үй бүлөлөгү, жарым жетим окуучулардын тизмесин тактап, өз ишин планга ылайык жүргүзүп турду. Биринчи чейректин жыйынтыгы менен сабагынан жетишпеген окуучулар менен жеке иштеп экинчи чейректе сабагынан жетишпеген окуучунун саны азайды.

Январь айында каникул убагында окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчилер менен биргелекте рейд жүргүзүлдү. 2-чейректе сабагынан жетишпеген 6-класстын окуучулары менен иш жүргүзүлдү. Чейрек ичинде окуучу менен предметник мугалимдин ортосунда мамилеге байкоо жүргүзүлдү. Мугалим окуучу менен жеке иштеди, аларга тапшырма берип сабакка болгон кызыгуусу артылды. Үчүнчү чейректе баланын окуусунда жылыш болду.

Айыл өкмөтүнүн соцкызматчылары менен турмуш шарты оор үй бүлөлөргө жардам көрсөтүлдү.

Январь-февраль айларында айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, милициянын кызматкерлери менен бирдикте ата-энеси миграцияда жүргөн окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлүп, опекундары менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.

Февраль айында жалпы мугалимдер менен чогулуштар өткөрүлүп ата-менен байланыштар күчөтүлдү. ЖОИнин инспекторлору тарабынан кылмыштуулукту алдын алуу, Суицид, зордук-зомбулук, диний экстремизм, терроризм боюнча окуучуларга лекция өтүлүп мектеп ичинде иш чаралар жүргүзүлдү. Балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча спорттук мелдештер февраль, март айларында өткөрүлдү.

Март айында ар жума сайын кыздар чогулушу өткөрүлүп турду. Ушул айда "Бейиш эненин таманында" темасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. 1-6-класстын окуучуларынын арасында "Ар дайым болсун апам!" конкурсу өтүп, жеңүүчүлөр аныкталды. Мектеп ичинде ата-энеси намаз окуп, балдары жоолук салынып келген окуучулар такталып, иш жүргүзүлүүдө. Март айында каникул учурунда окуучулардын үйлөрүнө кечки рейддер класс жетекчилердин катышуусу менен жүргүзүлдү.

Карантин убагында соцпедагог класс жетекчилер менен бирдикте күндүзгү жана түнкү рейддерди байма-бай жүргүзүп турушту. Мындан сырткары зордук-зомбулукка каршы, мигрант үй бүлөнүн балдары менен иштерди жүргүзүштү.

1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата турмуш-шарты оору окуучуларга материалдык жардам берилди.

## IV. Усулдук кеңеш

2021-2022-окуу жылы Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин усулдук кеңеши бекитилген пландын негизинде иш жүргүздү. Мектеп-лицейинде баардыгы 78 мугалим, 7 усулдук топ бар:

1. Кыргыз тил
2. Орус тил
3. Физика-математикалык
4. Табыгый илимдер
5. Англис
6. Башталгыч класстар
7. Чыгармачыл топ

Метод топтордун кеңешмелери планга ылайык 2 айда бир жолу пландаштырылган. Ар бир топтун кеңешмесинде предметтер боюнча өткөрүлгөн сабактар талкууга алынып, билим берүү тамагында жаңылыктар айтылып турат. 2020-жылга карата "Кут билим", "Кут билим сабак" газеталарына жазылышып, мугалимдер өз билимин көтөрүүдө.
Сентябрь айында 2019-2020-окуу жылына карата усулдук топтордун пландары мектептин планына ылайык каралып чыгып, бекитилди. Бул айда кыргыз тил күнүнө карата "Манастын тили- кыргыз тил" темасында кыргыз тил мугалими Омокеева А. доклад даярдап, усулдук кеңештин отурумунда каралып чыкты. Мындан тышкары ар бир класста

Сканировано с CamScanner

тил күнүнө карата дилбаяндар жазылып, 6-д классында Шабданова Н., 7-б классында Искакова Ш., 11-а классында Омокеева А. Ачык сабактарды өткөрүштү.

Педагогика тармагындагы жаңылыктар менен Шамырканова Д. Тааныштырып өттү. Башталгыч класстарынын мугалими Абышова К. "Башталгыч класстарда жаңы технологияларды колдонуу" темасында доклад даярдаган. Усулдук кеңештин отурумунда бул докладдар каралып, талкууга алынды.

Предметтер боюнча интерактивдүү усулдарды колдонуу менен ачык сабактар өткөрүлдү.

1. Информатика мугалими Жолочиева М. эмгек стажы 3 жыл 6-г класска ачык сабак өттү. Мугалим өз сабагында интерактивдүү досканы пайдаланып, окуучуларга бир катар кызыктуу материалдарды бере алды.
2. География мугалими Исмаилова А. 9 класста "Суулар" темасында ачык сабак өтүп, жаңы усулдарды колдонду. Окуучулар кластер, синквейн түзүшүп, карта менен иштөөгө аракет кылышты.

Ноябрь айында гуманитардык багыттагы сабактар боюнча кыргыз тилинен, орус тилинен сабактарыдын берилиш абалы, дептерлердин абалы текшерилди. Кыргыз тилинен мугалимдердин иш-кагаздарын текшерүү убагында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.
1. Омокеева А..-эмгек стажы 31 жыл. 11-а,10-б класстарына сабак берет. Баардык дептерлери толук, өз убагында текшерилет Өз билимин көтөрүү папкасын жакшы жабдылган.
2. Абдыкеримова Н.- эмгек стажы 18 жыл 8-класстарга сабак берет. Окуучулардын дептерлери толук, планга ылайык жазуу иштери өз убагында алынат.
3. Искакова шарапат- эмгек стажы 25 жыл. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен берет. Жазуу иштериөз убагында алынат. Мугалимдердин иш-кагаздары, өз билимин көтөрүү папкасы толук жабдылган.

Февраль айында предметтер боюнча декадалар өткөрүлүп мугалимдер көрсөтмөлүү сабактарды бере алышты.

Мугалимдердин өз билимин көтөрүү курстарына биринчи жарым жылдыкта 2 мугалим катышып келишти.

1. Уметова Ж.- кыргыз тили
2. Асангазиева Астра- башталгыч класс

Мугалимдердин иш пландарын окуу завучтары Исмаилова Н., усулдук завуч Турусбекова А.. , метод топтордун жетекчилери текшерип турушат. МТтун жетекчилери, насаатчы мугалимдер сабактарга, класстан тышкаркы иштерге катышып, текшерүү иштерди алуу, тестирлөө жолу менен мугалимдин билим деңгээлин текшерип турушат. Ар ай сайын класстык журналдын толтурулушу текшерилип, мугалимдерге эскертүү жазылып турду. Бул текшерүүдө кыргыз тил мугалими Абдыкеримова Н.бир нече жолу эскертүү алды. Ар бир кабинет предмет боюнча тиешелүү жасалгаланды.

Гуманитардык предметтердин берилиш абалы текшерилип, жазуу иштери алынды. Бул декаданын жыйынтыгында топтун мүчөлөрү интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сабактарды өткөргөнү аныкталып, талкуу жүрдү. Орус тил мугалими Мамытканова Н. жаш кадр болгондуктан көп жылдык стажысы бар мугалимдер тарабынан бир топ кеңештер берилди. Алдыңкы сабакты өткөргөн орус тил мугалимдери Жузупова Р. 8-г классында орус тилинен,. Молдоева Г. 9-г классында, Мамытканова Н. 11-в классында, Бектурганова А. 9-а классында өткөргөн сабактар көргөзмөлүү деп табылды.

Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө мектеп ичинде «Айылдык билим берүү» долбоору аркылуу келген мультимедиалык кабинетте көрсөтүлүүчү дисктердин жардамы

Сканировано с CamScanner

тийип турат. Компьютердик класста предметтер боюнча видеосабактарды көрсөтүү менен окуучуларды сабактарга кызыктыра алдык. Көбүнчө бул кабинетке география мугалими Молдоева Г., тарых мугалими Каимбаева Г., Акунова А., математика мугалими Бурабаев, Дөөлөтбаева Г., орус тил мугалими Жузупова, биология мугалимдери Тыргтотова З., Усубалиева Ж. ж. б. мугалимдер керектүү дисктерди алып келип, окуучуларга сабакты кызыктуу кылып өткөрүшүүдө. Мындан тышкары ата-энелердин жардамы менен алынган интерактивдүү доска, ар бир класстагы компьютер, окуучулардын билимин көтөрүүдө чоң пайдасын тийгизүүдө.

Мектепте көп жылдык эмгеги өткөн эжейлерибиз да бар. Бул эжейлер жаш мугалимдерге туура багыт берип, мугалимдин кесибинин ары кызыктуу, ары жоопкерчиликтүү экенин көрсөтүп турат.

Мугалимдер өздөрүнүн сабактарында окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп, чыгармачыл изденүү менен эмгектенишет.

Жыл ичинде башталгыч класстарынын мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, "Ата-энелер Университетинин" ишин улантышты. Бул боюнча башталгыч класстарынын мугалимдери көргөзмөлүү ачык сабактарды өтүп жатышты. Бул жерден баса белгилей кетчү нерсе жаш кадрлар Муратбек к. Б., Курманбекова Э. сабактары мактоого татырлык деп эсептелинди.

Февраль айында орус тил тобунун декадасы өткөрүлдү. Жалпы орус тилчинин саны 9. Декада убагында мугалимдер көрсөтмөлүү ачык сабактарды өтүштү. Сабактар интерактвдүү досканын жардамы менен өткөрүлдү. Орус тил мугалими Жузупова Р. 8-г класста орус тилинен сабак өтүп мактоого татырлык болду. Башталгыч класстын 4-классынын окуучулары менен6 Исаева Р. Менен Мамбетова Ж. "Люби и знай русский язык" темасында КВН сабагын өтүштү. Орус тил мугалими Исмаилова Н. 5-б класста "Легенда о матерях" темасын камтуу менен "Самое прекрасное слово на земле- Мама!" темасында интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сабак өттү. 6-а класста Кортобаева Ж. "Стрекоза и муравей" сабагын ТСОнун жардамы менен өтүп, окуучуларды кызыктыра алды. Декаданын өтүлүшү канааттандыраарлык деп табылды.

## V. Ички көзөмөл

2021-2022-окуу жылында мектептин ички көзөмөл графиги боюнча класстык журналдар, предметтер боюнча жазуу дептерлери, иштери текшерилди. Журналдарды өз убагында толтурбай жаткан мугалимдерге, физкультура мугалими Моройов А. орус тил мугалими Абакирова Ж.. эскертүүлөр берилди. Окуучулардын жазуу дептерлерин текшерген убакта дептерлердин толук эместиги аныкталды. Бул боюнча ар бир предметник мугалимге эскертүү айтылып, тез аранын ичинде толуктоосу сунуш кылынды.

Окуучулардын күндөлүктөрү өз убагында текшерилип, эскертүү берилип турат. Айрым окуучулардын күндөлүктөрүнө баалар убагында коюлбагандыктан бул тууралуу класс жетекчилерге эскертүү айтылды.

Ички көзөмөлдөөнүн графиги боюнча орус тил тобунун иши каралып чыкты. Бул топто бардыгы 9 мугалим эмгектенет. Бардыгы жогорку билимдүү. Текшерүү убагында окуучулардын дептерлери текшерилип, айрым класстарда дептерлердин толук эместиги аныкталган. Жазуу иштери өз убагында алынып, жыйынтыгы журналга түшүрүлүп турат. Мугалимдердин иш кагаздары толук, күндөлүк пландары текшерилип, кол коюлат. Бул текшерүүнүн жыйынтыгында орус тил мугалими Жузупова Р., Кортобаева Ж... Сабактары мактоого татырлык болду.

Октябрь айында гуманитардык багыттагы сабактардан жат жазуу алган учурда билим сапаты орус тилинен 7 класстарда төмөн экендиги аныкталды. Бул боюнча орус тил мугалими Мамытканова Н. менен сүйлөшүлүп, эскертүү берилди. Орус тил боюнча жат жазуунун жогорку көрсөткүчү 64% 10-г классы бере алды. Мугалими Абдылдаева Д..

Сканировано с CamScanner

Класста баардыгы 25 окуучу бар. Бүтүрүүчү 11-а классынын жазуу ишинин жыйынтыгы 24%, 11-г классынын жыйынтыгы 33 %ды түздү.

Кыргыз тилинен жазуу иштерин текшерген убакта окуучулардын кол жазмасынын начарлыгы көпчүлүк класстарда көзикken. Мындай көрүнүш окуучунун экинчи баскычка көтөрүлгөндө ар бирине көзөмөл болбогондуктан келип чыгууда. Жазуу иштери өз убагында алынып жана текшерилип турат. Административдик текшерүү убагында кыргыз тили боюнча билим сапаты 8-а классында 34%, 8-б классында 31%, ал эми эң жогорку көрсөткүч 9-а классында 48%ды түзгөн, мугалим Чымырова Ж.

Башталгыч класстар боюнча окуучулардын окуу техникасы текшерилип, жыйынтыгы канааттандырааарлык деп табылды. Окуу техникасын текшерүүдө 4-а классынын жетишүүсү төмөнүрөөк болгондуктан класс жетекчиси Узакова Ж.га эскертүү берилип, кайрадан апрель айында текшериле турган болду. Башталгыч класстардын усулдук тобунун жетекчиси Абышева ар бир айда мугалимдер ачык сабактарды өтүп турааарын маалымдады.

Ноябрь айында башталгыч класстарынын окуучуларынын окуу техникасы текшерилип, жыйынтыгы усулдук топтун отурумунда каралды. Бул текшерүүнүн жыйынтыгында окуучулардын окуп түшүнүүсү канааттандырааарлык деп табылды. Класстык журналдар өз убагында текшерилип турду. 5-9- класстардын жазуу дептерлеринин абалы текшерилди. Бул текшерүүдө кыргыз класстарынын, жогорку класстардын дептерлеринин абалынын начарлыгы аныкталып, мугалимдерге эскертүү берилди. Кыргыз тили боюнча 7-а классынын, 6-а классынын айрым окуучуларынын кол жазмасы начардыгы аныкталып кыргыз тил мугалимдери Искакова Ш., Чымырова Ж. менен сүйлөшүлдү.

Декабрь айында тарых, география сабактарынын берилиш абалы текшерилди. География мугалими Молдоева Г. интерактивдүү досканы пайдалануу менен сабактарды өтүп, окуучуларды кызыктырууга аркет кылууда. Тарых мугалими Эсенгулова Э. иш тажрыйбасы аз болгондуктан сабак берген класстарында билим сапаты көтөрүлүп берилип жаткан. Бул тууралуу мугалимге эскертүү берилди.

Январь айында 2-чейректин жыйынтыгы чыгарылып, отчет алынды. Класстык журналдын толтуруу абалы текшерилип, эскертүүлөр берилди. Дене тарбия мугалими Моройов А.. айтылган кемчиликтерди өз убагында жоюшту.

Февраль айында орус тили, англис сабактарынын берилиш абалы текшерилди. Ар бир мугалим интерактивдүү тактанын жардамы менен көргөзмөлүү сабактарды өтүштү. Жаш мугалим Мамытканова Н. 6-в класста өтүлгөн сабагы мактоого татырлык болду. Англис мугалими Бусурманкулова А. интерактивдүү досканы пайдалануу менен сабактарды өтүп, окуучуларды кызыктырууга аркет кылууда.

## VI. Педагогикалык кеңеш

2021-2022-окуу жылынын башында педагогикалык кеңеш өткөрүлдү. Биринчи кеңешмеде өткөн окуу жылынын отчёту угулуп талкууга алынды. Мындан тышкары жаңы окуу жылы үчүн пландар, усулдук топтордун жетекчилери, класс жетекчилер, насаатчылар каралды. Жаңы окуу жылына карата август кеңешмесинин отурумунда каралган маселелер талкууга алынды.

Быйылкы окуу жылында коллектив 8 жаш кадрды кабыл алып бул жыйында аларга *насаатчы катары төмөнкү тажрыйбалуу мугалимдер бекитилди:*

1. Токтобаева Д.
2. Мукашова Г.
3. Тезекова К.
4. Турусбекова А.
5. Жузупова Р.
6. Шопокова Г.
7. Тукеев Ж.

Сканировано с CamScanner

Усулдук топтун жетекчилери төмөнкү курамда бекитилди:

- ✓ Орус тили жана адабият тобу- жетекчиси Жузупова Р. орус тил мугалими
- ✓ Башталгыч класстар тобу- жетекчиси Токтобаева Д.
- ✓ Чет тил тобу- жетекчиси Кермалиева Г.
- ✓ Табигый-естетикалык топ- жетекчиси Акунова А.
- ✓ Чыгармачыл топ- жетекчиси Абдыжалыев Н.
- ✓ Табигый-математикалык топ - жетекчиси Доолотбаева Г.
- ✓ Кыргыз тилчилер тобу жетекчиси Омокеева А.

Быйылкы окуу жылында баардыгы 43 класс-комплект бар. Биринчи педагогикалык кеңештин буйругунун негизинде класс жетекчилер, класс кабинеттер бекитилди.

Ноябрь айында экинчи педагогикалык кеңешме өткөрүлүп, 1-чейректин жыйынтыгы угулду. Чейректин жыйынтыгы менен билим сапаты 34,6% түзгөн. Жалпы окуучунун саны 1126. 54 отличник, 216 ударник. Сабактан жетишпеген окуучунун саны 14. Көбүнчө орус тил сабагынан 9 класстын окуучулары жетишпей калышкан. Бул тууралуу мугалим Кульбаева окуучулардын экинчи баскычка өткөндө пайда болгон кыйынчылыктар катары түшүндүрө алды.

Январь айында үчүнчү педагогикалык кеңешме өткөрүлдү. Бул кеңешмеде окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы угулду. Бул тууралуу окуу завучу Исмаилова Н. кеңири отчёт берип өттү. Жарым жылдыктын жыйынтыгы менен билим сапаты 32 пайызды түзүп, окуучунун саны 1121 болгон. Отличник окуучунун саны70, ударник 288. Кеңешменин экинчи маселеси болуп предмет аралык олимпиаданын жыйынтыгы айтып өттү. Быйылкы окуу жылында райондук олимпиадага 4 окуучу катышып болуп кайтышкан.Бул окуучулардын мугалимдерине ыраазычылык билдирилди.

Апрель айында кезектеги педагогикалыки кеңеш өткөрүлүп, 3-чейректин жыйынтыгы каралды. Жалпы билим сапаты 33,4% түзгөн.

## VI.Мектептеги климат, же ички эрежелер

Мектептеги педагогикалык, окуучулар, ата-энелер жамааттары мектептин этикалык кодекстерин сакташат. Бирин-бири сыйлоо, көйгөйлөрдү чечүү анын негизи. Конфликттүү учурлар (мушташуу, эмеректерди бузуу, башкаларга орой мамиле кылуу ж.б.) биргиликтүү конфликтер боюнча комиссия менен чечилет.

Мектеп ичинде өспүрүмдөр уюму иш алып барат. Окуучулар ичинде өспүрүмдөр уюмунун президенти асангалыев Адилет, вице-президенти Мирбеков Акылбек, кыздардын «Датка» уюму менен бирдикте бир далай иштерди жүргүзүштү. Өспүрүмдөр уюму тарбия завучуна жакшы көмөк көрсөтө алышты.
Башталгыч класстар үчүн атайын спорт аянчасы болгондуктан, окуучулардын танапис убагында тартип бузуулары азайды.

Мектептин ашканасында жылдагыдай эле башталгыч класстарынын окуучуларына 2017-жылдын 1-декабрынан баштап башталгыч класстын окуучуларына 1 маал ысык тамак берилүүдө. Айыл өкмөтү тарабынан башталгыч класстын окуучуларына ысык тамак үчүн күнүнө 16 сомдон ар бир бала үчүн акча каражаты которулуп турат.

Берилген тамак-аштар, ашкананын санитардык абалы райондук сан.эпидстанциянын кызматкери тарабынан көзөмөлгө алынып турду. Айыл өкмөт тарабынан мектеп ашканасына окуучулар үчүн кружкалар, стол үстүнө клеенка, "Аристон" суу жылыткычтары сатылып алынып, ашкананын ичине суу түтүктөрү жаңыртылды.

Сканировано с CamScanner

Айыл өкмөтүнүн жардамы менен келген техник кабинети иштелип, окуучулардын спортко болгон кызыгуусу артылды. Мектепте волейбол, баскетбол, футбол боюнча кружоктор иштеп, класстар арасында бир топ мелдештер өткөрүлдү.

## VII. Каражаттар

